**Документтердин тизмеси**

**КР жарандары болуп саналган жеке адамдарга банктык эсеп ачуу үчүн документтердин тизмеси:**

1. «БАКАЙ БАНК» ААКта жеке адамдардын эсеп ачуу жана банктык тейлөө шарттарына кошулуу жөнүндөгү Арыз-Анкетасы;
2. Жеке адамдын (эсепти тескөөчүнүн) өздүгүн тастыктоочу документтин түп нускасы же сан ариптик документ:
   - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2004-жылкы үлгүдөгү паспорту;
   - идентификациялык карта - Кыргыз Республикасынын жаранынын 2017-жылкы үлгүдөгү паспорту (ID-карта же мамлекеттик маалымат системаларынан алынган санариптикформаттагы өздүгүн тастыктоочу документ);
   - Кыргыз Республикасынын жаранынын жалпы жарандык паспорту *(Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкары туруктуу жашаган, Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортуна ээ болбогон Кыргыз Республикасынын жарандары үчүн),* Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консулдук мекемесинин консулдук каттоого алынгандыгы жөнүндө белги коюлган болсо;
   - туулгандыгы жөнүндө күбөлүк - Кыргыз Республикасынын 16 жашка толо элек жараны үчүн;

*Эскертүү:*

*Эгерде ата-энеси, башка мыйзамдуу өкүлдөрү же үчүнчү жактар тарабынан ачылып жаткан банктык эсептин ээси жаш өспүрүм болсо, анда эсеп кимдин наамына ачылып жаткан болсо, ошол кардра тууралуу маалыматтарды камтыган арыз кошо берилет, жана ага ата-энесинин, мыйзамдуу өкүлдөрүнүн же үчүнчү жактардын колу коюлат, ошондой эле эсепти ачып жаткан адамдар тууралуу маалыматтар, ата-энесинин, башка мыйзамдуу өкүлдөрдүн же үчүнчү жактардын өздүгүн тастыктоочу документ, жана жаш өспүрүмдүн өздүгүн тастыктоочу документ (14 жашка толо элек балдар үчүн – туулганыдыгы жөнүндө күбөлүк, 16 жашка толгондор – паспорт) берилиши керек.*